**БУДАЛЫК АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН**
**КЕЗЕКТЕГИ 14 ЗАСЕДАНИЕСИНИН**

# Т О К Т О М У

2023-жылдын 3-апрели **№ 14\ 6** Кайнама айылы

**2011-жылы элдик марафон өткөрүлүп алынган трактор жараксыз абалда тургандыктан сатуу жөнүндө**

Жогоруда аталган трактор бир жылдай эле бузулуп жатып зорго иштеди. Азыркы мезгилде ал трактор жараксыз абалда. Бул жерде гараж болбогондуктан бузулуп, токтогон жеринде эле турган. Ар бир айылда элдик жыйындарда талкууланып, ар бир айылда "сатылсын" деген сунуштар болгондуктан Будалык айылдык кеңеши **токтом кылат**

1. 2011-жылы элдик марафон өткөрүлүп алынган трактордун абалы начар, жараксыз болгондуктан, элдик жыйындарда тракторду сатуу боюнча айтылган сын сунуштар эске алынсын жана сатылсын.

2. Тракторду баланстан чыгаруу жана бул иштерге байланыштуу иш кагаздарын даярдоо ФЭБ башчысынын милдетин аткаруучу А.Осмоновго жүктөлсүн

3. Тракторду сатуудан түшкөн акча каражаты тиешелүү счетко которулуп, кириштелсин

4. Токтомдун аткарылышын камсыз кылуу айыл өкмөт башчысына милдеттендирилсин.

**Будалык айылдык Кеңешинин**
**төрагасы: Арапбай уулу Улан**